Кыргыз Республикасынын улуттук туу гезити
Кыргыз Туусу



● Каржы ликбез

# Акча дайыма кыймылда, а аларды кимдер, кантип “кыймылдатышат”?

***Акча которуулар – экономиканын курамынын эң маанилүү бөлүктөрүнүн бири. Ошондуктан бүгүнкү күндө дүйнө жүзү боюнча финансылык агымдын негизин инвестициялардан кийин акча которуулар боюнча кызмат көрсөтүүлөр түзөт. Биздин өлкөдө акча которууларды экономикалык иш жүргүзгөндөрдөн тышкары, чет өлкөдө иштеп жатышкан эмгек мигранттары активдүү жүргүзүшөт. Биз Улуттук банктын Төлөм системалар башкармалыгынын төлөм системаларын анализдөө жана өнүктүрүү бөлүмүнүн адиси Максат Дүйшенбиевдин жардамы менен бул маселе боюнча окурмандарга маалымат бере кетүүнү туура көрдүк.***

– Биздин өлкөдө акча которуу кызматын, ченемдик укуктук актыларга, ошондой эле акча которуунун локалдык жана эл аралык системасынын эрежелерине ылайык коммерциялык банктар гана сунушташат, - дейт ал. – Комбанктар эл аралык акча которуу системасынын операторлору менен системада анын эрежелерин так сактоо боюнча келишим түзүп, эл аралык акча которуу системасынын катышуучуларынан боло алышат. Юридикалык жактар, резидент жана резидент эместер эл аралык акча которуу системасынын операторлору болуп саналышат.

Комбанк банктык эмес финансы-кредит мекемелери менен келишим түзүү аркылуу калкка акча которуу кызматын сунуштайт. Азыркы учурда өлкөнүн аймагында 20дан ашык адистештирилген эл аралык акча которуу системасы өз ишмердигин жүргүзүүдө.

Акча которуунун коммерциялык банктарда, алардын филиалдарында жана бардык почта бөлүмдөрүндө банктык эсептешүү эсебин ачуу, банктык төлөм карталары, банктык эсептешүү эсебин ачуусуз акча которуу кызматы, банктык эсептешүү эсебин ачуусуз почта бөлүмдөрү жана телеграф аркылуу жүргүзүү жолдору бар:

Эми булардын ар бирине кыскача түшүндүрмө берип коёлу. Банктык эсептешүү эсебин ачуу аркылуу акча которуу кызматынан пайдаланууда акча которууларды гана эмес, чарба субъекттери ортосунда төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгү берилет. Бул үчүн акча каражатын алуучу жана жөнөтүүчү каалаган комбанкта (же банктын филиалында) эсеп ачуусу зарыл. Улуттук валютадагы акча каражаттарын республика ичинде которууда комбанктар банктар аралык эсептешүү системасын пайдаланышат.



Мамлекеттик чек ара аркылуу өтүүчү которууларды (төлөмдөрдү) жүзөгө ашырууда коммерциялык банктар SWIFT, Telex, Банк-Клиент, Е-Клиент ж.б системаларды пайдаланышат. Эл аралык акча которууларды жүргүзүүдө SWIFT системасы кеңири колдонулат. SWIFT – акча каражаттарын дүйнө жүзүнүн каалаган тарабына которууга мүмкүнчүлүк берген эл аралык система. Акча которуулар эсеп ачуусуз же жеке банктык эсеп аркылуу каалаган валютада жүргүзүлөт.

Банктык төлөм карталары аркылуу акча которуу карта ээсине товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, валюта алмаштыруу, нак акча каражаттарын алуу, ошондой эле акча которууну жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн сунуштайт.

Азыркы мезгилде биздин өлкөдө эл аралык «Visa», «Master Card», «Union Pay» жана «Золотая Корона» системаларынын төлөм карталары тейлөөгө алынат. Ошондой эле «Элкарт» улуттук төлөм системасынын төлөм карталары пайдаланылат. Алар универсалдуу төлөм аспабы болгондуктан Кыргызстандын көптөгөн соода жана тейлөө ишканаларында кабыл алынат.

Эл аралык төлөм карталары аркылуу акча которуу банктык эсепти ачуу менен акча которуу сыяктуу эле жүргүзүлөт.

Банктык эсеп ачуусуз акча которууда азыркы учурда өлкөбүздүн аймагында 20дан ашык эл аралык акча которуу системалары иш алып барат: “Western Union”, “Money Gram”, “Contact”, “Xpress money”, “Золотая корона” ж.б., ошондой эле коммерциялык банктардын “Кыргызтрансфер”, “Эко Перевод”, “Money Stream”, “Аргымак” ж.б. жергиликтүү акча которуулар системалары да кызматтарын сунушташат. Бул системалар өлкөнүн бардык аймагы боюнча акча которууларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Банктык эсеп ачуусуз почта аркылуу акча которууну банктык мекемелерден тышкары кызматтар, ошондой эле «Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасы да сунуштайт. Акча каражатын почта/телеграф аркылуу которуу үчүн жөнөтүүчү каалаган почта бөлүмүнө кайрылууга тийиш.

**Т.ИСХАКОВ**